УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL




ТЕМИРЛАН ЕНСЕБЕК
КАЗАКСТАН

# БЛОГЕР СОЦИАЛДЫК МЕДИАДАГЫ САТИРА ҮЧҮН КУУГУНТУКТАЛДЫ

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ:
# 20 ЖЫЛДАН БЕРИ ЖАШООНУ ӨЗГӨРТКӨН КАТТАР

Качан кимдир бирөө үчүн бир нече адам бириккенде, натыйжалар болуп көрбөгөндөй өзгөрүшү мүмкүн.

Мындан 20 жыл мурун Польшадагы активисттердин чакан тобу 24-саат бою кат жазуу марафонун өткөрүшкөн. Кийинки жылдарда бул идея терең жайылган. Бүгүн "Укуктар үчүн Жаз" – бул адам укуктары боюнча дүйнөдөгү эң ири иш-чара болуп саналат.

2001-жылдагы 2,326 каттан 2020-жылы 4,5 миллион катка чейин жетип, твиттер, петицияларга кол коюу жана башка иш-аракеттердин алкагында, дүйнө жүзү боюнча адамдар тилектештик үчүн чек аралар эч кандай тоскоолдук эмес деген пикирде биригип, өз сөздөрүнүн күчүн колдонушту. Бул адамдар өткөн жылдар бою биргеликте 100дөн ашуун адамдын жашоосун өзгөртүүгө жардам берип, аларды кыйноолордон, куугунтуктардан же адилетсиз камакка түшүүдөн бошотушту.

Быйылкы үгүт өнөктүгү бул колдоону тынч түрдөгү иш-аракеттери, көз караштары же өзгөчөлүктөрү үчүн куугунтукка кабылган адамдарга багытталат. Буга ЛГБТИ активисттери, экологдор жана тынч демонстранттар кирет. Бул адамдар ар кандай жолдор менен сабалган, камалган, атылган, куугунтукталган жана коркутууларга кабылган.

"Укуктар үчүн Жаз" аркылуу алар дүйнө жүзүндөгү миңдеген адамдардан жеке тилектештик билдирүүлөрүн алышат. Алар жана алардын үй-бүлөлөрү, алардын жагдайлары коомчулуктун назарына жеткирилип жатканын жана алар унутта калбаганын билишет.

Мунапыс Уюму кат жазуу аракеттери менен бирге, бул адамдардын абалын өзгөртүүгө күчү бар, алардын өлкөсүндөгү саясатчылар сыяктуу таасирдүү адамдарга да кайрылат.



273784
Amnesty
Taiwan
2020

"Укуктар үчүн Жаз" ошондой эле, бул адилетсиздиктерди коомдук иш-чаралар менен көрсөтүп, социалдык медиа аркылуу дүйнө жүзүнүн көңүлүн бурдурат.

Мурунку жылдары өнөктүккө катышкан адамдар жана топтор бул иш-аракеттердин аларга тийгизген таасирин айтып, натыйжада көптөгөн адамдардын кам көрүүлөрү аларга чоң дем күч бергенин билдиришти.

Көп учурда бул адамдарга, ошондой эле ушундай кырдаалга туш болгон башка адамдарга жана топторго карата өлкөнүн бийлиги аларга мамилелерин олуттуу түрдө өзгөртүшөт. Айыптардын алынышы жана адамдардын камактан бошотулушу мүмкүн. Адамдарга гумандуу мамиле жасалып, адилетсиздикке каршы жаңы мыйзамдар же эрежелер киргизилет.

- Биз күрөшүп жаткан адамдар жөнүндө окуңуз: www.amnesty.org/writeforrights
- Мунапыс Уюмунун сиздин өлкөдөгү тобу менен байланышыңыз: www.amnesty.org/countries
- **#W4R21** хэштеги аркылуу @Amnesty -ге колдооңузду билдирген твит жөнөтүңүз.

## БАШТООДОН МУРУН

Бул адам укуктары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн мектепте, жамаат ичинде, үй -бүлө ичинде же активисттик топтордун арасы сыяктуу ар кандай онлайн же оффлайн шарттарда өткөрүү мүмкүн. Уюштуруучу катары сиз бул ишмердүүлүктү иштешип жаткан топтун ыңгайына жараша ылайыкташтыра аласыз. Мисалы, талкуулана турган маселелер боюнча катышуучулардын буга чейин кандай маалыматы бар экенин, алардын санын жана кантип аларды иш-чарага жигердүү катышууга үндөй тургандай мыкты уюштурууну, иш-чаранын техникалык шарттарын жана чектөөлөрдү алдын ала карап көрүңүз. Катышуучулар бир иш боюнча чара көрүүнү каалаган учурда, алар үчүн бул коопсузбу же жокпу талкуулаңыз.

Бардык иш-чаралар биргелешип үйрөнүүнүн усулдарына негизделген, анда катышуучуларга жөн гана маалымат берилбейт; алар кейстерге байланыштуу маселелерге суроо салып, аларды изилдешет, талкуулашат жана талдашат. Бул методика катышуучуларга төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү берет:

Негизги компетенттүүлүктү жана жөндөмдөрдү **АРТТЫРУУ.**

Өз ой-пикирин калыптандыруу, суроолорду берүү жана айтылган маселелерди тереңирээк түшүнүү **МҮМКҮНЧҮЛҮГҮНӨ ЭЭ БОЛУУ.**

Өздөрүнүн үйрөнүүсүн жана кызыкчылыктарына, жөндөмдөрүнө жана көйгөйлөрүнө ылайык талкуулоону уюштурууну **КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ.**

Өз-ара эмоционалдык байланыштарын арттырып, өз жүрүм- турумдарын жана мамилелерин өркүндөтүүгө керек болгон **МЕЙКИНДИККЕ ЭЭ БОЛУУ.**

- Эгерде сиз биргелешип үйрөнүүнүн усулдарын жакшы билбесеңиз, баштоодон мурун Эл аралык Мунапыс Уюмунун фасилитациялоо боюнча колдонмосун карап чыгыңыз: www.amnesty.org/en/documents/ACT35/020/2011/en/
- Эл аралык Мунапыс Уюму адам укуктары боюнча ар кандай окутууларды, анын ичинде укук коргоочулар жөнүндө "Укуктар үчүн Жаз" же "Каттар Марафону" өнөктүгү тууралуу кыска курсту сунуштайт: https://academy.amnesty.org/learn

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# СИЛЕРДИН СӨЗДӨРДҮН КҮЧҮ БАР



## САУД АРАБИЯДАГЫ АКТИВИСТ БОШОТУЛДУ

Аялдардын эркиндиги үчүн күрөшкөн Насима ас-Сада 2018-жылы адам укуктарын тынчтык жолу менен коргогону үчүн камакка алынган. Түрмөдө жатканда күзөтчүлөр аны сабап, адвокаты баш болгон баарына аны менен жолугууга тыюу салышкан. Бирок, массалык түрдө 777,611 кат жазылып, твиттерлер жөнөтүлүп, дүйнө жүзүндөгү колдоочуларынын жана башка аракеттери менен Насима 2021 -жылы июнда бошотулуп, үй -бүлөсүнө жана досторуна кайтып келди.

## ҮЧ БАЛАНЫН АТАСЫ ҮЙ БҮЛӨСҮНӨ ЖОЛУКТУ

2018 -жылдын апрелинде бейөкмөт уюмунун кызматкери жана укук коргоочу Жермен Рукаки бир катар жалган айыптар менен күнөөлүү деп табылып, Бурундиде 32 жылга эркинен ажыратылган. Ал камалгандан бир нече апта өткөндөн кийин төрөлгөн кичүү баласын колуна ала электе түрмөгө кесилген. Анын үй -бүлөсү репрессиядан коркуп, өлкөдөн чыгып кеткен. Анын бошотулушун талап кылган 436,000ден ашуун чакырууларды да таасири тийип, 2021 -жылдын 30 -июнунда Жермен акыры камактан бошотулуп, үй -бүлөсүнө кайрадан жолукту.





## ТҮШТҮК АФРИКАДА АДИЛЕТТҮҮЛҮККӨ БИР КАДАМ ЖАКЫНДОО


Достор Попи Квабе менен Бонгек Пунгул 2017 -жылдын май айында түндө сейилдеп жүргөндө өлтүрүлгөн. Акыркы убактарга чейин алардын үй -бүлөлөрүнүн укуктары бузулуп, алар полициянын иликтөө иштеринин кечендеп жатканына тынчсызданып келишкен. Бирок, 2021 -жылдын мартында полиция дүйнө жүзү боюнча бул үй-бүлөлөрдүн тарапташтарынан 341,106 кол коюлган арыздарды алгандан кийин ишти кайрадан ачкан. Полиция тергөө иштерин аяктап, азыр ишти өлкөнүн Башкы прокуратура-сына өткөрүп берди. Попинин эжеси Тембелихле, "Менде ишенич пайда болду", – деп билдирди. Ал: "Мен акыры бир нерсе өзгөрө турганын сезип жатам", – дейт.

# АДАМ УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ


Адам укуктары – бул ар бирибизге таандык болгон негизги эркиндиктер жана коргоолор. Алар жашына, улутуна, жынысына, расасына, ынанымына жана жеке багыттарына карабастан адамдардын беделине, теңчилдикке жана өз ара урматтоо принциптерине негиздилген.

Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жасалган мыкаачылыктардан кийин, Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынгандан баштап, адам укуктары боюнча эл аралык документтер дүйнө жүзүндөгү адамдардын жашоосун жакшыртуу үчүн улуттук, аймактык жана эл аралык мыйзамдардын бекем пайдубалын түздү. Адам укуктары өкмөтттөгүлөргө мыйзам катары каралышы мүмкүн. Алар өкмөттөргө жана мамлекеттик бийликтегилерге өздөрүнүн карамагындагылардын, ошондой эле чет өлкөдөгүлөрдүн укуктарын урматтоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди жүктөйт.

Адам укуктары – бул иш жүзүндө мүмкүнчүлүк болгондо гана канааттандыра турган жыргалчылык эмес.



273808 Amnesty International Benin - W4R 2020



THE UNIVERSAL DECLARATION OF Human Rights

UNITED NATIONS

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

Адам укуктарынын жалпы декларациясы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдары жаңыдан түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюму тарабынан иштелип чыккан. 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынгандан бери ал адам укуктары боюнча эл аралык тутумдун негизин түзөт. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрү бул документтин 30 беренесинде камтылган жалпы принциптерге баш ийүүгө макулдук берген.

АУЖД – бул аты айтып тургандай өзү декларация. Бул дүйнө жүзү боюнча ар бир өкмөттүн адамдардарга жасаган мамилесинде белгилүү стандарттарды сактоого болгон ниети тууралуу билдирүүсү. Адам укуктары эл аралык укуктун бир бөлүгү болуп эсептелет: АУЖД кабыл алынгандан баштап, анын принциптеринин негизинде көптөгөн башка милдеттүү мыйзамдар жана келишимдер иштелип чыкты. Дал ушул мыйзамдар жана келишимдер Эл аралык Мунапыс Уюму сыяктуу уюмдардын, өкмөттөгүлөрдү эскертип, аларды “Укуктар үчүн Жаз” өнөктүгүндө айтылган адамдарга карата терс жүрүм турумдарынан жана катаал мамилесинен баш тартууга үндөөгө негиз түзөт.

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

| | | |
|---|---|---|
| **ЖАРАНДЫК УКУКТАР ЖАНА ЭРКИНДИКТЕР**<br>Жашоого укук, кыйноолордон жана кулчулуктан эркиндик, дискриминацияга жол бербөө укугу. | **1-берене** | Өз беделинде жана укуктарда эркиндик жана теңдик |
| | **2-берене** | Дискриминацияга жол бербөө |
| | **3-берене** | Адамдын жашоо, эркиндик жана жеке кол тийбестик укугу |
| | **4-берене** | Кулчулуктан боштондук |
| | **5-берене** | Кыйноолордон эркиндик |
| **ЮРИДИКАЛЫК УКУКТАР**<br>Күнөөсүз деп өзүн эсептөө укугу, акыйкат сот жараянын талап кылуу, камакка алынбоо же эркиндигин сактоо укугу. | **6-берене** | Бардык адамдар мыйзам менен корголот |
| | **7-берене** | Мыйзам алдында бардыгы бирдей |
| | **8-берене** | Мыйзам тарабынан белгиленген негизги укуктары бузулган кезде аларды калыбына келтирүү талаптары |
| | **9-берене** | Эч ким мыйзамсыз камакка алынууга, кармалууга же куугунтукталууга тийиш эмес |
| | **10-берене** | Акыйкат сот жараянын талап кылуу укугу |
| | **11-берене** | Күнөөсү тастыкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүү |
| | **14-берене** | Куугунтукка алынганда чет өлкөдөн баш калкалоо чарасын издөө укугу |
| **СОЦИАЛДЫК УКУКТАР**<br>Билим алуу укугу, үй-бүлөө түптөө жана багуу, эс алуу жана ден-соолукка кам көрүү укугу. | **12-берене** | Үй-бүлөөлүк жеке турмушуна кийлигишпөө жана турак жайынын кол тийбестигин коргоо укугу |
| | **13-берене** | Ар бир мамлекеттин чегинде эркин жашоо жана мамлекеттер ортосунда саякаттоо укугу |
| | **16-берене** | Никеге туруу жана үй-бүлөөлүк турмушун баштоо уку |
| | **24-берене** | Эс алуу жана бош убактысын пайдалануу укугу |
| | **26-берене** | Билим алуу укугу жана башталгыч билим акысыз болууга тийиш |
| **ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАР**<br>Турак жайга ээ болуу, эмгектенүү, пенсияга чыгуу жана нормалдуу турмушта жашоо укугу. | **15-берене** | Ар бир адам улутка ээ болууга укуктуу |
| | **17-берене** | Өздүк турак жайга жана мүлккө ээ болуу укугу |
| | **22-берене** | Социалдык жактан камсыз болуу укугу |
| | **23-берене** | Адилеттүү эмгек акыга иштөө жана кесипчилик союздарга кирүү укугу |
| | **25-берене** | Ден соолугу жана жыргалчылыгына кам көрүү үчүн жетиштүү турмушта жашоо укугу |
| **САЯСИЙ УКУКТАР**<br>Өлкөнү башкарууга катышуу, добуш берүү, тынч чогулуштарды өткөрүү, сөз эркиндиги, дин тутуу эркиндиги жана ишеним укуктары | **18-берене** | Ишеним жана дин эркиндиги укугу |
| | **19-берене** | Сөз эркиндиги жана маалыматты жайылтуу укугу |
| | **20-берене** | Эркин түрдө тынч чогулуштарга катышуу жана ассоциацияларга кирүү укугу |
| | **21-берене** | Өз өлкөнү башкарууга катышуу укугу |
| **МАДАНИЙ ЖАНА ТИЛЕКТЕШТИК УКУКТАРЫ**<br>Коомчулуктун маданий турмушуна катышуу укугу. | **27-берене** | Өз коомчулугуңуздун маданий жашоосуна катышуу укугу |
| | **28-берене** | Бардык укуктар толугу менен ишке ашырылышы мүмкүн болгон эл аралык тартипке болгон укук |
| | **29-берене** | Башкалардын укуктарын сыйлоо жоопкерчилиги |
| | **30-берене** | Бул укуктардын бирин дагы тартып алууга тыюу салынат! |

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# САБАКТЫН ТЕМАСЫ: “ТАМАШАГА ЭРКИНДИК”

## НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

- Сөз эркиндиги

## БУЛ САБАК ЖӨНҮНДӨ

Бул иш-чара сатиралык жаңылыктардын контекстинде сөз эркиндигине болгон укукту изилдейт жана Темирлан Енсебектин чыныгы окуясын колдонуу менен катышуучулардын жашоосуна байланыштырат.

## ОКУТУУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Катышуучулар:

- Адам укуктары боюнча түшүнүккө ээ болуу.
- Саясий сатира жана жалган маалыматтардын контекстинде сөз эркиндигин жана анын маанилүүлүгүн түшүнүү.
- Сөз эркиндиги укугу бузулган адамдардын жагдайын түшүнө билүү.
- Эл аралык Мунапыс Уюмунун (Amnesty International) “Каттар Марафону” өнөктүгү жөнүндө билүү.
- Темирлан Енсебекке колдоо каттарын жазуу.

## УБАКТЫСЫ

**60 мүнөт**

## МАТЕРИАЛДАР

- Таркатма: АУЖДнын беренелери, карточкалар
- Таркатма: Күнүмдүк материалдар
- Таркатма: Сатира жана сатиралык жаңылыктар тууралуу мисалдар
- Таркатма: Темирлан Енсебек боюнча материал
- Негизги маалымат: Сөз эркиндиги
- Негизги маалымат: Каттар марафону өнөктүгү
- Каттын үлгүсү же иш кагаздар

## ДАЯРДЫК

- Ар бир катышуучу үчүн таркатмалардын көчүрмөсүн чыгаруу

## ЖАШЫ: 14+

## COVID-19ГА КАРШЫ КЕҢЕШТЕРДИ САКТАҢЫЗ:

COVID-19 пандемиясына каршы сиздин аймакта коомдук саламаттыкты сактоо боюнча кеңештерди аткарууну унутпаңыз жана иш-чараны жүргүзүүдө коопсуздукту жана физикалык аралыкты сактаңыз.

Эгерде иш-чараны онлайн түрдө өткөрө турган болсоңуз:

- Катышуучулардын жигердүүлүгүн камсыз кылган жана коопсуз болгон **платформаны тандаңыз**
- Сабактарды тийиштүү ой жүгүртүүгө жана маалымат берүүгө **мүмкүнчүлүк бере тургандай ылайыкташтыруу сунушталат** (чакан топторго бөлүү)
- Катышуучуларга жигердүү катышууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн **техникалык колдоо көрсөтүңүз.**

## 1. УКУКТАРДЫ КҮНҮМДҮКСАБАКТАРГА ТУУРАЛАҢЫЗ

15 МҮНӨТ

Катышуучулар менен учурашкандан кийин аларды чакан топторго бөлүңүз жана ар бир топко АУЖДнынберенелери боюнча сегиз карточканы жана күнүмдүксабактар боюнча сегизтеманы бериңиз. 11-12 беттеги таркатманы колдонуңуз.

Топтун мүчөлөрүнө укуктар менен темалардытууралаштырууну айтыңыз. Кайсы күнүмдүк темалар АУЖДнын кайсы беренесине карата колдонулушу мүмкүн?

Катышуучуларды кайрадан чогултуп алардан жоопторун талкуулоону сураныңыз. Алар төмөндөгүдөй болушу керек:

**19-Берене: Мен социалдык тармактарды колдонуп, ар кандай темада ойлогонумду айтам.**
**3-Берене: Мен өзүмдүн шаарымда эч нерседен коркпой ээн -эркин жүрөм.**
**12-Берене: Жеке жашоомду мугалимге айтуунун кажети жок.**
**13-Берене: Мен өлкөмдүн каалаган жерине эркин саякаттай алам.**
**25-Берене: Мен ооруп калсам доктурга кайрылам.**
**18-Берене: Мен ишенимдерим жөнүндө эркин сүйлөйм.**
**24-Берене: Мен досторум менен ойнойм.**
**26-Берене: Мен мектепке барып окуй алам**

Кээ бир укуктар үчүн бир эмес, бир нече сунуштар бар. Бул укуктар бири -бири менен байланыштуу экенин белгилөө үчүн жакшы мүмкүнчүлүктү түзөт.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

Катышуучуларга ыраазычылык билдирип, бул иш-чарага карата сабак планынын 4 бетинде берилген маалыматты колдонуу менен адам укуктарынын концепциясын кыскача түшүндүрүңүз. Эркиндик, адилеттүүлүк жана теңчилик адам укуктарынын негизин түзгөн жана адам укуктары боюнча көптөгөн эл аралык келишимдерде жазылган баалуулуктар экенин баса белгилеңиз. Сөз эркиндиги – адам укуктары боюнча көптөгөн эл аралык жана аймактык келишимдер менен кепилденген укуктардын бири. Өкмөттөрдүн өздөрүнүн юрисдикциясына киргендердин жана чет өлкөдөгүлөрдүн укуктарын урматтоого, коргоого жана аткарууга милдеттүү катары адам укуктарын түшүндүрүүгө басым жасаңыз.

Эл аралык Мунапыс Уюму (Amnesty International) бул иш-чараларды өткөрүүнү колдоо максатында онлайн-өз алдынча үйрөнүү курстарын иштеп чыкты. Мисалы, Мунапыс Академиясынын платформасында "Адам укуктарына киришүү" боюнча 90 мүнөттүк курс бар.
https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/120/vvedenie-v-prava-celoveka
Бул шилтемени катышуучулар менен бөлүшсөңүз болот:

- Сабакты баштоонун алдында даярдык катары, же
- Сабактан кийин улантуу үчүн

## 2. СӨЗ ЭРКИНДИГИ УКУГУ ЖӨНҮНДӨ ҮЙРӨНҮҮ

25 МҮНӨТ

Катышуучулардан "сөз эркиндиги" жөнүндө түшүнүктөрү менен бөлүшүүсүн сураныңыз.

Төмөнкү суроолор аркылуу көбүрөөк билүүгө аракет кылыңыз:

- Сиздин өлкөдө жаштар өздөрүнүн ой-пикирлерин кандай жолдор менен билдиришет?
- Өз оюңузду жана пикириңизди кантип билдирүүнү жактырасыз?
- Өзүңүздү билдирүү үчүн социалдык медианы кантип колдоносуз? Бул сиз үчүн маанилүүбү? Эмне үчүн?

Сөз эркиндиги укугу Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренеси менен корголгонун кыскача түшүндүрүңүз.

Тактайчадагы толук аныктаманы окуңуз же көрсөтүңүз:

> ***«Ар бир адам өз ой-пикирин айтууга жана аны эркин билдирүү укугуна ээ; бул укук өз пикиринде тоскоолсуз бекем турууну жана мамлекеттик чек араларга карабастан, ар кандай жолдор менен маалымат жана идеяларды издөө, кабыл алуу жана таратуу эркиндигин камтыйт.»***

Катышуучуларга беренени окуп, суроолорун даярдоо үчүн 1 мүнөт убакыт бериңиз.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

Сатира түшүнүгүн тааныштыруу. Буга карата төмөнкүлөрдү колдоно аласыз:

> ***Сатира – бул адамдарды же идеялардысынга алып, алардын туура эмес экенинже ката кетирип жаткандарын көрсөтүү үчүн мындай стилди колдонуу менен жазылган чыгарма же оюн.***
>
> Сатиранын аныктамасы
> Кембридж академиялык
> контентинин сөздүгүнөн алынды.
> © Cambridge University Press

Катышуучуларга материалдын концепциясы менен таанышууга 1 мүнөт убакыт бөлүңүз жана эгер суроолоруңуз бар болсо бериңиз (берене боюнча).

Катышуучулардын экиден/жуп болуп иштөөсүн сураныңыз.

Сатиранын жана сатиралык жаңылыктар боюнча мисалдарды таратып, төмөнкү суроолорду талкуулоо үчүн 3 мүнөт бериңиз:

- Мисалдардын кайсынысы сизге күлкүлүү болду? Эмнеге?
- Алар кандай кемчиликтерди же коомдук көйгөйлөрдү баса белгилейт?
- Бийлик жөнүндөгү сатира боюнча кандай ойдосуз?
  Мунун сөз эркиндиги укугуна кандай тиешеси бар?

Катышуучуларды кайрадан бир топко чогултуңуз. Ыктыярчылардан аларга эң күлкүлүү болгон сатиранын же сатиралык жаңылыктардын мисалдарын окууну сураңыз. Катышуучулардан жуп болуп талкуулаган кызыктуу ойлорду бөлүшүүгө чакырыңыз.

Катышуучуларга 15 беттеги “Негизги маалымат: Сөз эркиндиги укугу” материалын колдонуу менен сөз эркиндигине болгон укуктар жөнүндө бир нече маалымат бериңиз.

Бул укуктун маанилүүлүгүнө токтолуп, ар кандай коомдо ар кандай пикирлер бар экенин эске алынышын камсыз кылыңыз. Адам укуктары боюнча эл аралык стандарттар бир адамга же адамдардын тобуна коркунуч туудурган зомбулукка чакыруу сыяктуу кээ бир өзгөчө учурларда гана сөз эркиндигин чектөөгө жол берерин басым жасап кетиңиз. Өкмөткө каршы сатиралар же сатиралык маалыматтар, адатта, эч кимге коркунуч жаратпайт; коррупцияга жана башка социалдык көйгөйлөргө каршы пародия – өз пикириңизди билдирүүнүн жана коомчулукту кызыктырган маселелерге тиешелүү идеяларды жайылтуунун маанилүү каражаты боло алат.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## 3. ТЕМИРЛАНДЫН ОКУЯСЫ

10 МҮНӨТ

Ар бир катышуучуга Темирлан Енсебектин окуясы жазылган карточканы таратып бериңиз. Катышуучуларга Темирландын Казакстандык Инстаграмдагы жаш блогер экенин түшүндүрүңүз жана аларга материал менен таанышып чыгуура/окууга бир нече мүнөт убакыт бериңиз.

Эл аралык Мунапыс Уюмунун Темирлан Енсебекти "Укуктар үчүн Жаз" өнөктүгүнө киргизген окуялардын бири экенин түшүндүрүңүз. Эгерде катышуучулар бул өнөктүк менен тааныш болбосо, анда бир аз маалымат бериңиз. Бул үчүн 2-3-беттиги, "Негизги маалымат: Укуктар үчүнЖаз"өнөктүгүбоюнча маалыматты караңыз.

Катышуучуларды төмөнкү суроолорго жооп берүүгө чакырыңыз:

- *Темирландын окуясында сизди эмне таң калтырды?*
- *Темирлан кандай адам укуктарынын бузулушуна дуушар болууда? Өкмөт Темирландын сатиралык блогун цензуралоо үчүн кайсы мыйзамды колдонду?*
- *"Жалган кабарлар" мыйзамынын сөз эркиндигине жана адамдарга кандай таасири бар? Бул коомду кантип өзгөртөт?*

Катышуучуларга ыраазычылык билдирип, өзгөчө сатира саясатчыларга, мамлекеттик кызматкерлерге же башка таасирдүү адамдарга багытталган болсо, сатира жана сатиралык жаңылыктар сөз эркиндиги укугу менен корголоорун баса белгилеңиз.

## 4. ИШКЕ ӨТ: КАТ ЖАЗ – БИР ӨМҮРДҮ САКТА

10 МҮНӨТ

Мурунку "Каттар Марафону" өнөктүктөрүндөгү айрым ийгиликтүү окуялар менен бөлүшүп, МунапысУюмунун элди Темирлан Енсебекке карата адилеттүүлүктү талап кылууга үндөп жатканын түшүндүрүңүз.

Аларды төмөнкү дарекке, Казакстан Республикасынын Ички иштер министрине кат жазууга чакырыңыз:

Казакстан Республикасынын Ички иштер министри
Аты: Ерлан
Фамилиясы: Тургумбаев
Facebook: @Ерлан Тургумбаев

ИИМ дареги:
Тауелсиздик проспекти 1, Нур-Султан 010000, Казакстан Республикасы
Канцелярия: + 7 (7172) 72-22-31
Басма сөз кызматы: + 7 (7172) 71-51-89
Министрликтин электрондук почтасы: kense@mvd.kz

**Максаты:**
Темирлан Енсебектин сөз эркиндигине болгон укуктары үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылбашына карата бардык чараларды көрүү жана анын Qaznews24 инстаграм блогубоюнчатергөөнү токтотуу.



© Private

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

Катышуучулар кат жазуу боюнча атайын үлгүлөрдү колдоно алышат, сиз аны “Укуктар үчүн Жаз” веб -баракчасыдагы ШИЛТЕМЕден жүктөп алсаңыз болот, же жеке кат жазуу үчүн аларга төмөнкү көрсөтмөлөрдү бере аласыз:

Муну жеке кат кылуу үчүн Казакстандын Ички иштер министрине негиздүү бир нерсе айтыңыз.

Сиз ага буларды айта аласыз:

- Өзүң жөнүндө;
- Темирлан Енсебектин окуясында сизге эмне күтүүсүз болгонун;
- Эмнеге өкмөттөрүчүн сөз эркиндигине болгон укукту урматтоо маанилүү деп ойлойсуз?
- Темирланга жана анын Инстаграм блогуна карата тергөө ишин токтотууну айтууну.

Ошондой эле, сизанданөкмөттүн Кылмыш-жаза кодексинин 274-бөлүмүн жокко чыгаруусун сурана аласыз, себеби ал сөз эркиндигин бузат.

Же болбосо, катышуучулар Темирланга тилектештигин кат аркылуу билдире алышат:

**Темирлан Енсебекке**

Дареги:
Эркиндик Канаты ӨЭУму
Кенесары көчөсү 8, Нур-Султан
1417-кеңсе, 14-кабат
010000 Казакстан

Максаты:
Темирлан Энсебекке тамашаларды жазуудан жана сөз эркиндигин колдонуудан тартынбоону айтуу.



УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА:
# АУЖДНЫН БЕРЕНЕЛЕРИ БОЮНЧА КАРТОЧКАЛАР

**19-БЕРЕНЕ:**
СӨЗ ЭРКИНДИГИ УКУГУ, АНЫН ИЧИНДЕ МААЛЫМАТ АЛУУ УКУГУ.

**3-БЕРЕНЕ:**
ЖАШОО, ЭРКИНДИК ЖАНА ЖЕКЕ КОЛ ТИЙБЕСТИК УКУГУ.

**12-БЕРЕНЕ:**
ЖЕКЕ ЖАШООГО ЖАНА ҮЙ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨӨГӨ ЭЭ БОЛУУ УКУГУ.

**13-БЕРЕНЕ:**
ЭРКИН ЖАШОО ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАЛАРДА ЭРКИН САЯКАТТОО УКУГУ.

**25-БЕРЕНЕ:**
ДЕН СООЛУККА ЖАНА ЖЫРГАЛЧЫЛЫККА ШАЙКЕШ ЖАШОО УКУГУ.

**18-БЕРЕНЕ:**
ОЙ ЭРКИНДИГИ УКУГУ (АНЫН ИЧИНДЕ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР БАР).

**24-БЕРЕНЕ:**
ЭС АЛУУ ЖАНА БОШ УБАКЫТКА ЭЭ БОЛУУ УКУГУ.

**26-БЕРЕНЕ:**
БИЛИМ АЛУУ УКУГУ, АНЫН ИЧИНДЕ АКЫСЫЗ БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ АЛУУ.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА:

# КҮНҮМДҮК АТКАРЫЛА ТУРГАН ИШТЕР БОЮНЧА КАРТОЧКАЛАР

МЕН СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫ КОЛДОНУП, АР КАНДАЙ ТЕМАДА ОЙЛОГОНУМДУ АЙТАМ.

МЕН ӨЗҮМДҮН ШААРЫМДА ЭЧ НЕРСЕДЕН КОРКПОЙ ЭЭН-ЭРКИН ЖҮРӨМ.

ЖЕКЕ ЖАШООМДУ МУГАЛИМГЕ АЙТУУНУН КАЖЕТИ ЖОК.

МЕН ӨЛКӨМДҮН КААЛАГАН ЖЕРИНЕ ЭРКИН САЯКАТТАЙ АЛАМ.

МЕН ООРУП КАЛСАМ ДОКТУРГА КАЙРЫЛАМ.

МЕН ИШЕНИМДЕРИМ ЖӨНҮНДӨ ЭРКИН СҮЙЛӨЙМ.

МЕН ДОСТОРУМ МЕНЕН ОЙНОЙМ.

МЕН МЕКТЕПКЕ БАРЫП ОКУЙ АЛАМ.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА:

# САТИРА ЖАНА САТИРАЛЫК ЖАҢЫЛЫКТАР БОЮНЧА МИСАЛДАР

**ӨЗҮ БАШКАРГАН АДАМДАРДЫН МАКУЛДУГУСУЗ АРАКЕТТЕНГЕН АР КАНДАЙ БИЙЛИК КУЛЧУЛУКТУН АКЫРКЫ ФОРМУЛАСЫ БОЛУП САНАЛАТ.**

ДЖОНАТАН СВИФТ,
18-КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ
АНГЛО-ИРЛАНДИЯ САТИРИГИ

**ЖОГОРКУ ДАРАЖАДАГЫ БАШКАРУУЧУЛАР МЕНЕН ЖОЛУККАНДА, АЛАРДЫ КӨРГӨНҮҢҮЗГӨ КУБАНЫЧТА ЭКЕНИҢИЗДИ СЫЛЫК ЖАНА СЫЙ -УРМАТТУУ ЖАҢСООЛОР МЕНЕН БИЛДИРҮҮГӨ УРУКСАТ БЕРИЛЕТ.**

МИХАИЛ САЛТЫКОВ-ЩЕДРИН,
19-КЫЛЫМДАГЫ ОРУС САТИРИГИ

Like Comment Share

**БУРМИСТР:** ЭМИ, ШААРДЫН АЙЛАНАСЫНДАГЫ МААНАЙ КАНДАЙ?
**ТҮРМӨ САКЧЫСЫ:** ТЫНЧ. БИРОК АЛАР ДАГЫ ЭЛЕ ЖАЗЫП ЖАТЫШАТ.
**БУРМИСТР:** ЭМНЕ ДЕП?
**ТҮРМӨ САКЧЫСЫ:** ДУБАЛДАРДА “Л” ТАМГАСЫ. БУЛ ЛАНЦЕЛОТ(НААРАЗЫЛЫКТЫН ЛИДЕРИ) ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ.
**БУРМИСТР:** АНДАЙ ЭМЕС! “Л” – “ЛЮБИМ ПРЕЗИДЕНТА” ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ.
**ТҮРМӨ САКЧЫСЫ:** МАКУЛ. ДЕМЕК, БИЗ ЖАЗЫП ЖАТКАНДАРДЫ КАМАБАЙБЫЗБЫ?
**БУРМИСТР:** ТАМАШАЛАП ЖАТАСЫҢБЫ? АЛБЕТТЕ, КАМАЙБЫЗ.

ЕВГЕНИЙ ШВАРЦ,
СОВЕТСКИЙ ДРАМАТУРГ, НАЧАЛО XX ВЕКА

Like Comment Share

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

**ЧЕТ ӨЛКӨДӨ БИЛИМ АЛГАН КАЗАКСТАНДЫК СТУДЕНТТЕРГЕ, ЧЕТ ӨЛКӨДӨГҮ ЖОГОРКУ ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИ ТУУРАЛУУ СҮРӨТТӨРДҮ, ВИДЕОЛОРДУ ЖАНА МААЛЫМАТТАРДЫ ЖАЙГАШТЫРУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ.**

QAZNEWS24, САТИРАЛЫК БЛОГ, КАЗАКСТАН, 2021

Like Comment Share

**РОССИЯЛЫК ОКУМУШТУУЛАР COVID-19ГА КАРАТА ЭМДӨӨ СЕРТИФИКАТЫН ОЙЛОП ТАБЫШТЫ.**

“ПАНОРАМА” САТИРАЛЫК МААЛЫМАТ АГЕНТТИГИ, РОССИЯ, 2021

**ПАЛАТА МҮМКҮН ЭМЕСТИК МЫЙЗАМЫН ЖАКТЫРДЫ, ЭМИ САЯСАТЧЫЛАР ЭГЕРДЕКАМАЛГАНГА ЧЕЙИН КАМАКТА ЖАТСА ГАНА КАМАККА АЛЫНАТ.**

SENSACIONALISTA, ТАМАШАЛУУ МААЛЫМАТ САЙТЫ, БРАЗИЛИЯ, 2021

**МИНИСТР СПЕРАНЗА ПАНДЕМИЯ УЧУРУНДА БЕТИНИН КҮНГӨ ТИЙБЕГЕН ЖЕРИНДЕБЕТ КАПТЫН ТАГЫ КАЛБАГАНДАРГА АЙЫП САЛУУ КЕРЕКТИГИН ЭСКЕРТТИ.**

ЛЕРСИО, САТИРАЛЫК МААЛЫМАТ АГЕНТТИГИ, ИТАЛИЯ, 2021

**САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИ ТАЛАНТТУУ МАТЕМАТИКТЕРДЕН, ЖОК ДЕГЕНДЕ ТУРИСТТИК СЕЗОН АЧЫЛГАНГА ЧЕЙИН, COVID-19 МЕНЕН ООРУГАНДАРДЫН САНЫН 40,000ДЕН 1000ГЕ ЧЕЙИН КЫСКАРТУУГА ЖАРДАМ СУРАЙТ.**

ЗАЙТУН, САТИРАЛЫК МААЛЫМАТ САЙТЫ, ТҮРКИЯ, 2021

Like Comment Share

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## НЕГИЗГИ МААЛЫМАТ:
# СӨЗ ЭРКИНДИГИ (2020)

**19-БЕРЕНЕ, АУЖД**

**“АР БИР АДАМ ӨЗ ОЙ-ПИКИРИН БИЛДИРҮҮ ЖАНА СӨЗ ЭРКИНДИГИ УКУГУНА ЭЭ”; БУЛ УКУК ӨЗ ПИКИРИНДЕ ТОСКООЛСУЗ БЕКЕМ ТУРУУНУ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАЛАРГА КАРАБАСТАН, АР КАНДАЙ ЖОЛ МЕНЕН МААЛЫМАТ ЖАНА ИДЕЯЛАРДЫ ИЗДӨӨ, КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ТАРАТУУ ЭРКИНДИГИН КАМТЫЙТ.**

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19 -беренеси (АУЖД) сөз эркиндиги укугун коргойт. Сөз эркиндиги сизге өз пикириңизди сактоого жана аны өкмөттүн кийлигишүүсүз эркин билдирүү укугуна кепилдик берет. Буга коомдук нааразычылыктар аркылуу же жазуу жүзүндөгү материалдар, медия каражаттары, интернет жана көркөм чыгармалар менен өз пикирин билдирүү укугу кирет. Бул укукту колдонуу эркиндиги ар бир коомдо жашоонун абдан маанилүү аспектиси болуп саналат. Идеялардын эркин агымы ар кандай пикирлердин эске алынышына жана ар кандай ойлордун айтылышына жардам берет. Сөз эркиндигине болгон чектөөлөр ачык-айкындыкты жана жоопкерчиликти бузат жана башка адам укуктары үчүн күрөшүүнү кыйындатат.

Сөз эркиндиги жалпы коом үчүн гана эмес, жеке адам үчүн да маанилүү. Биздин пикирлер жана ойлор бизди адам кылган нерсенин негизги бөлүгү (ал эми адамдардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүнө тыюу салуу, алардын инсандыгынын бир бөлүгүн кесип салууга барабар)!

Адам укуктарынын жалпы декларациясында бекитилген укуктарды кеңейткен адам укуктары боюнча келишимдер, сөз эркиндигине болгон укукту айрым өзгөчө учурларда гана чектөөгө мүмкүндүк берет. Мисалы, көпчүлүк өлкөлөрдө расисттик же башка дискриминациялык билдирүүлөргө тыюу салган мыйзамдар бар. Бирок, сөз эркиндигине болгон чектөөлөр башкалардын же адамдардын тобунун укуктарын коргоо үчүн, же коомдук атайын бир кызыкчылыктарды, анын ичинде коомдук ден соолукту коргоо зарыл болгон учурларда гана жол берилет (улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти же коомдук ден соолукту жана моралды коргоо үчүн).

Сатиралар жана сатиралык жаңылыктар сөз эркиндиги укугу менен корголот. Мындан тышкары, мамлекеттер сөз эркиндигине болгон чектөөнүн так жана жеткиликтүү мыйзам менен аткарылганын камсыз кылышы керек. Мисалы, коомдук ден соолукту коргоо же адам укуктары боюнча эл аралык укуктун башка тиешелүү мыйзамдуу максаттарына карата зарыл жанапропорционалдуу болушу шарт. “Жалган кабар” же “жалган маалымат таратуу” сыяктуу бүдөмүк жана түшүнүксүз мазмуздарга негизделген маалыматты жайылтууга толук тыюу салуу бул критерийге жооп бербейт. Адам укуктары боюнча мыйзамга туура келбеген сөз эркиндигин чектөө, калктын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын репрессиядан коркуп өзүн-өзү цензуралоого алып баруучу коркунучтуу таасирлерди жаратат.



© Private

# КЕЙС КАРТ – ТЕМИРЛАН ЕНСЕБЕК

Алматылык 25-жаштагы блогер жана ишкер Темирлан – “Oyan, Qazaqstan” (Ойгон Казакстан!) жаштардын жарандык жана саясий укуктары боюнча кыймылдын колдоочусу. Темирлан студент кезинде тамашаларды табуу жана жазуу боюнча студенттик комедия сынактардын катышуусу болгон.

2021-жылдын апрелинин башында Темирлан Инстаграм тармагында “Qaznews24” сатиралык блогун түзгөн жана ойдон чыгарылган жаңылыктардын эсебинен, ал тез эле популярдуулукка ээ болгон. Үч жуманын ичинде ал миллиондогон окурмандары бар 5000ден ашуун абоненттерди өзүнө тарткан. Кээ бир эң популярдуу баш макалаларда жакырчылык, күчтүү лидерге сыйынуу, коррупция жана дискриминация тууралуу жазылган. Блогдун тамашалуу максаттарын көрсөтүү үчүн анда “Абайлаңыз, сатира” деп так көрсөтүлгөн.

Апрелдин аяк ченинде Темирланга онлайн коркутуулар келип баштаган жана ал аккаунтун өз калоосу менен жапкан. 15-майда милиция кызматкерлери Темирландын Алматыдагы батирине тинтүү жүргүзүп, анын ноутбугун, мобилдик телефондорун жана модемин алып кетишкен. Ошол эле күнү Темирлан милиция бөлүмүндө 5-сааттык сурак берген. Ага карата Казак Республикасынын Кылмыш -жаза кодексинин 274 -беренеси (“коомдук тартипти бузуу коркунучун жараткан жалган маалыматты атайылап таратуу”) боюнча кылмыш иши козголгон. Ошондон бери Темирлан “коргонуу укугуна ээ күбө” болуп калды, бул, адатта, айыптоого алып келген укуктук статус болуп саналат – оор кылмыш боюнча расмий айыптоо. Жазанын көлөмү чоң суммадагы 17 миң еврого жакын айып пул же үч жылга чейин эркинен ажыратуу.



© @Rukh2k19

Сатиранын корголушу – бул, айрыкча саясатчыларга же башка мамлекеттик кызматкерлерге багытталганда сөз эркиндигине болгон укуктун стандартына кирет. Бул берененин Казакстандын Кылмыш -жаза кодексинде болушу адам укуктарына жол берилген чектөөлөрдүн нормаларын бузуу болуп саналат.

**Казакстан бийлигине Темирлан Енсебекти куугунтуктоону жана анын Qaznews24 Инстаграм блогу боюнча тергөө ишин токтотуусун айт.**

## КАЗАКСТАН БИЙЛИГИНЕ ЖАЗ

Аларга тергөөнү токтотуп, Темирлан Енсебекке эч кандай айып такпоого чакыр.

Казакстан Республикасынын
Ички иштер министри
Тауелсиздик проспекти 1
Нур-Султан 010000
Казакстан Республикасы

**Электрондук дареги:** kense@mvd.kz
**Facebook:** @Ерлан Тургумбаев
**Учурашуу:** Урматтуу Ички иштер министри

## ТЕМИРЛАНГА АНЫ МЕНЕН ЭКЕНИҢДИ БИЛДИР

Ага тилектештик жана достук каттарын жөнөт. Эгер сатиралык сүрөт тапсаң же кээ бир тамашалар менен бөлүшсөң, Темирлан ага кубанат.

ӨЭУ Эркиндик Канаты
Кенесары көчөсү 8
1417 – Кеңсе, 14-кабат
Нур-Султан 010000
Казакстан

# ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ ЖӨНҮНДӨ

Эл аралык Мунапыс Уюму – бул адилетсиздик менен жекече күрөшкөн 10 миллиондон ашуун адамдын глобалдык кыймылы. Биз бардык адамдар өз укуктарын толук кандуу колдоно алган дүйнөнү жактайбыз.

Качан жана кайсы жерде мыйзам бузуулар болсо, биз аларды иликтеп фактыларды ачыкка чыгарабыз. Биз өкмөттөрдү, ошондой эле ишканалар сыяктуу ар кандай таасирдүү топторду колдоп, аларды берген убадаларын аткарып, эл аралык укуктарды сыйлоого ынандырууга аракет көрөбүз. Биз менен иштешип жаткан адамдардын таасирдүү окуяларын айтып берүү менен дүйнө жүзү боюнча миллиондогон колдоочуларды өзгөрүү үчүн күрөшүүгө жана алдыңкы катардагы активисттерди коргоо үчүн туруп берүүгө мобилизациялайбыз. Биз адамдардын билим алуу жана тренингдер аркылуу өз укуктарын коргоону үйрөнүүсүн колдойбуз.

Биздин ишибиз адамдарды коргоо жана аларга күч-кубат берүү – өлүм жазасын алып салуудан сексуалдык жана репродуктивдик укуктарды алдыга жылдыруу, дискриминацияга каршы күрөшүүдөн качкындар менен мигранттардын укуктарын коргоо алкагындагы иш-аракеттерди камтыйт. Биз кыйноочуларды жоопко тартууга, репрессивдүү мыйзамдарды өзгөртүүгө жана өз оюн айткандыгы үчүн камалган адамдарды бошотууга жардам беребиз. Биз эркиндигине же кадыр -баркына коркунуч жаралган бардык адамдарды жана кимди болбосун коргойбуз.

**ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ**
ЭЛ АРАЛЫК КАТЧЫЛЫК
Питер Бененсон Хаус,
Истон көчөсү, 1
Лондон WC1X ODW,
Бириккен Королдук

Индекс: EUR 57/4787/2021
Октябрь 2021

e: contactus@amnesty.org
t: +44-20-74135500
f: +44-20-79561157
**www.amnesty.org**

Бардык сүрөттөр башка түрдө белгиленбеген учурда © Эл аралык Мунапыс Уюмуна/Amnesty International таандык.
Мукаба сүрөтү: © Private

**WRITE FOR RIGHTS**
AMNESTY INTERNATIONAL